«Бекитемин»
Кыргыз мамлекеттик
дене-тарбия жана спорт
академиясынын
Ректору Иманалиев Т.Т.

Төрөбаева Данахан Калгожоеванын диссертациялык илимий ишине 13.00.08-кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы кесибиндеги «Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертацияга жетектөөчү мекеменин

# ПИКИРИ

1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Калктын саламаттыгын чыңдоо жана алардын активдүү жашоосун жогорулатуу проблемасы педагогдордун, медицина кызматкерлеринин, коомчулуктун жана мамлекеттин көңүл бурган предмети көйгөйлүү маселе бойдон турат.
   Илимий жумуштун темасы алдында коюлган максаты жана милдеттери кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы кесибинин талабына мазмуну боюнча ылайыктуу.
2. Диссертацияда мурда ушундай сыяктуу илимий иштердин авторлору изилдөөнү жүргүзгөн бир жалпы кесиптик компетенттүүлүк маселелери көрсөтүлгөн.
3. Диссертациянын структурасы үч главадан жалпы корутундуудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркеме катарында берилген кошумча материалдардан турат. Азыркы талапка толугу менен жооп берет.
4. Диссертациянын биринчи главасында «Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери» деп аталып, бул жерде бир топ милдеттерди чечүү маселеси каралган. Атап айтканда болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык маселелери, түзүмү жана мазмуну «Болочок медайымдарды компетенттүүлук мамиленин негизинде даярдоонун педагогикалык негиздери» деп аталып үч пункта каралган. Бул главада Кыргызстанда медайымдардын даярдоонун өнүгүшү азыркы абалы, калыптандыруунун модели түзүлгөн. Үчүнчү пункта калыптандыруунун технологиясы көрсөтүлгөн. Үчүнчү главасында эксперимент иштеринин мазмуну жана натыйжалары көрсөтүлгөн.
   Ар бир главадан кийинки жыйынтыктары көрсөтүлгөн.
5. Диссертациянын негизги мазмуну жакшы, аталган темага жооп берет. Диссертацияда 4 жыйынтык менен коюлуп, чечилген милдеттер корутундууда 4 жыйынтык менен дал келет.
   Экспериментке чейинки тайпа, жана эксперименттен кийинки тайпалар пайыз менен алганда бир топ айырмада көрсөтүлгөн.
6. Диссертация менен авторефераттын дал келиши мазмуну боюнча дал келет. Автореферат 24 барактан турат. Диссертациянын негизги жыйынтыктары 11 илимий статья жарыя көргөн. Резюме үч тилде кыргызча, орусча жана англисче көрсөтүлгөн.
7. Диссертациянын жана авторефераттын кемчиликтери;

–диссертацияда 134 бетте (ылдый жактан 13, 14-саптарда) «негизинде, негизги» деп берилген;

–диссертация менен авторефератта бир топ каталар кездешет (редакциалоо керек);

–автореферattын 24 бетте орус тилинде берилген резюмеде каталар кездешет;

–134-145 беттерде эксперименттин иштин жүргүзүлүшү жана жыйынтыктарыберилген. Биздин оюбузча чар жайыт берилген. Түшүнүүгө татаал баяндалган. Редакциялап, жөнөкөйлөп бергенде туура болоор деген пикирдебиз.

8. Жалпысынан Төрөбаева Данахан Калкожоевнанынөз колу менен жазган диссертациясы ВАКтын положениясында 2,5 пунктун талабына ылайыктуу.

Диссертация «Орто кесиптик билим берүү системасында болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темада жазылган илимий иш 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы, кесибине педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ылайык деген пикирдебиз.

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана спорттун тарыхы кафедрасынын отурумунда каралды.

**Протокол №10. 23.03.2017г.**

**Педагогика, психология жана спорттун тарыхы кафедрасынын башчысы педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** **Айбалаев А.Ж**

**А.Ж.Айбалаевдин колун аныктаймын кадр бөлүмүнүн башчысы** **Аманова Т.С.**